Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин №6 педагогикалык кеңешмесинин протоколу.

08.06.2022. Катышкан мугалимдердин саны -13

Катышпаганы-2

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1.Балдарды коргоо күнү

2.Класстан класска көчүрүү 1-4- класс

5-8-10- класс

3.9 жана 11-класстарды бүтүрүү экзамендери жөнүндө.

4.ЖМА өткөрүүнү көзөмөлдөө жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө ЖОБО менен тааныштыруу

5..Аккредитациядан өтүү боюнча маалымат,өзүн-өзү баалоо комиссиясын түзүү.Устав ,печатты жаңыртуу боюнча маалымат берүү.

1-маселе боюнча мектептин тарбия завучу Алыбек кызы Анара сөз сүйлөдү.

“1-июнь –Балдарды коргоо күнү” иш-план менен өткөрүлдү.Сабактан кийин окуучулар концерт тартуулашты,слайд көргөзүлдү,балдардын милдеттери,укуктары боюнча тегерек стол уюштурулду.1-4 класстар.

“Менин балалыгым” аттуу асфальтка сүрөт тартышты.

2-маселе боюнча окуу завуч М.Н.Туйгунова сөз сүйлөдү:

Быйылкы окуу жылында 1-4-5-8-10 класстарда көчүрүү IV- чейректин жана жылдык баалардын негизинде жыйынтыгы менен көчүрүлөт.Мугалимдердин (болжолдуу) берген отчетторунун негизинде “2” алган же чейрек чыкпай калган окуучу жок.

Мектеп боюнча 153 окуучу аяктап жатат.

Анын ичинен отличник окуучулардын саны-16

ударниктердин саны-35

Үчкө окуган окуучулардын саны.

5. 2022-2023-окуу жылынын ноябрь айында мектеп аккредитациядан өткөрүлөт.Арыз жазып өзүн-өзү баалоо комиссиясын түзүү талап кылынат,ошондуктан комиссиянын курамын көрсөтүүнү сунуштайм. Институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүү учурунда түзүлгөн комиссиянын курамына төмөндөгүлөр шайланууга укуктуу,ошондуктан өз сунушуңуздарды айтыңыздар. Аккредитациядан өтүү үчүн мектеп Уставын,печатты жаңыртып,күбөлүк алыш керек.

Комиссиянын курамына УБ жетекчилеринен Арымбаева Р.К.жана Акбар кызы Мээримди жана ата-энелер комитетинин төрайымы А.Мадыкулованы сунуштайм.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Акбар кызы Мээрим орус тил мугалими:

Быйылкы окуу жылында чындыгында окуу жаатында болсун,тарбия иштери жаатында болсун ийгиликтер болду.Олимпиададан жакшы көрсөткүчкө ээ болдук.Көптөгөн коомдук иштерге катышып келдик.

Ал эми аккредитациябызга туура комиссиялык курамды түзүп ,баалоо иштерин жүргүзүп ,өз убагында өтүп кетүүгө ар бирибиз өз салымыбызды кошолу.Уставды жаңыртуу иштери тездетилип аккредитацияга даярдык көрөлү.Аккредитация боюнча комиссиянын курамына Жергиликтүү кеңештин депутаты А.А. Зайнидиновду,кыргыз тил мугалими А.О. Райымкулованы жана тарых мугалими А.К.Абдыгулованы сунуштайм.

Башталгыч класстын мугалими Р.К Арымбаеванын сөзү:

Ооба мен бул сунуштарга кошулам, бирок менин да сунушум бар. Биздин айыл башчыбыз Молдопаизов Аскарбекти жана 10-класстын окуучусу Дуйшенкулова Жибекти да комиссиянын курамына кошуп толуктайлы, кандай дейсиздер.

Чечим:

1.”Балдарды коргоо күнү” жакшы уюштурулуп,өткөрүлдү.Класс жетекчилер класстык саат өтүшсүн маалымдама тиркелсин.

2.Окуучулар 1-4-5-10- класстар IV- чейректик жана жылдык бааларынын негизинде класстан класска көчүрүлсүн.

3.9-11-класстын окуучулары жобого ылайык бүтүрүү экзамендерине даярдык көрүшсүн.

9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн дене тарбия сабагынан зачет өткөрүлдү.Окуучулар мамлекеттик аттестацияга киргизилишин сунуштайм.

Тапшырмалар почта менен таңкы саат 6:00 до жиберилет.

4-маселе боюнча мектептин директору А.К.Молдокулованын сөзү:

Жолдош мугалимдер!Окуучулардын ыктыярдуу реаспубликалык тестирлөөгө катышуусунда арызы боюнча тестирлөөнүн жыйынтыгы менен сынактык баалар (оозеки) катары эсептеп коюга укугу бар.

Окуу жылы аяктап жатат.Окуучулар экзаменге убагында кечикпей керектүү окуу куралдары менен,форма менен келүүсүнө көзөмөл кылып,эскертиңиздер!Жайкы каникул ичинде балдардын коопсуздугун эскертип,чогулушта карап,чечим чыгарып тил кат алып ата-энелерге милдеттендириңиздер.

Мектептин ОТИ боюнча директордун орун басары М.Н.Туйгунова

мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жобосу менен мугалимдер жамаатын тааныштырды.

Отличник,ударник окуучуларды сыйлоо,грамоталар берүү ишин колго алалы.Андан тышкары коомдук иштерге активдүү катышкан үй-бүлөлөрдү «ыраазычылык» кат менен белгилеп кетели.”Мыкты класс жетекчи”, “Чыгармачыл класс”номенацияларды берүү менен мугалимдердин эмгегин баалоону сунуштайм.

“Чыгармачыл класс”-9-класс

“Мыкты класс жетекчи” –Абдыгулова А.К.

“Активдүү класс” -7-класс

“Ыраазычылык кат”

1. Ишенбеков Тилектин үй-бүлөсүнө

2.Дүйшеев Азаматтын үй-бүлөсүнө

3.Токошев Кубанычбектин үй-бүлөсүнө

4.Шербалиев Анарбектин үй-бүлөсүнө

5.Маселе боюнча мектеп директору суйлөдү

Тарбия завуч Алыбек кызы Анаранын сөзү:

Бул окуучулардан мектеп боюнча жайкы каникул ичинде ата-энелер балдарынын ден-соолугуна өмүрүнө өзүбүз жооп беребиз - деген тил кат алынды.

Бүтүрүү класстарынан "Акыркы коңгуроо" аземи бүткөндөн кийин ата-энелер балдарынын коопсуздугуна өзүлөрү жооп берери тууралуу милдеттендирилди.Тил кат алынды.

3-маселе боюнча окуу завуч Туйгунова М.Н. сөз сүйлөдү:

9-11 бүтүрүү экзамендери атайын бекитилген жүгүртмөнүн негизинде жүргүзүлөт жобого ылайык.

Дагы бир жолу эскерте кетели :

9- классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин 5 сабактан (төрт милдеттүү,бир тандоо)сынак өткөрүлөт.

Математика (комплекстүү текст) 11-июнь

Эне тилинен дилбаяндын элементтери 14-июнь

Орус тили комплекстүү тест (жазуу жүзүндө )17-июнь

Кыргызстандын тарыхы (оозеки) -20-июнь

Географи ( оозэки) тандоо

11-классынын бүтүрүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейин 5 сабактан (төрт милдеттүү,бир тандоо) сынак өткөрүлөт.

Эне тил жана адабияты (эссе) -11-июнь

Математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест(жазуу жүзүндө)-11-июнь

Кыргызстандын тарыхы (оозеки)-17-июнь

Орус тили окутуу кыргыз тилиндеги мектептерде комплекстүү тест

(жазуу жүзүндө) 20-июнь

Окуучунун тандоосу боюнча сабактан – "География"

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы саат 9:00 башталсын

-Окуучуларды (отличник,ударник),мыкты класс жетекчилерди сыйлоо грамота менен колго алынсын.

5.Аккредитация боюнча өзүн-өзү баалоо комиссиясы төмөндөгүдөй түзүлсүн:

Комиссиянын төрайымы:
Молдокулова А.К.-мектеп директору

Комиссия мүчөлөрү

1.Туйгунова М.Н.-ОТИ боюнча директордун орун басары

2. Кабылбекова А.Т.-ТИ боюнча директордун орун басары

3. Арымбаева Р.К.-башталгыч класстардын УБ жетекчиси

4. Акбар кызы М.-кесип бирликтин төрайымы

5. Райымкулова А.О.-кыргыз тил мугалими

6.Абдыгулова А.К-тарых мугалими.

7. Зайнидинов А.А.-жергиликтүү кеңештин депутаты

8. Мадыкулова А.М.-ата-энелер комитетинин төрайымы

9.Молдопаизов А.Р.-айыл башы

10.Дуйшенкулова Ж.М.-10-класстын окуучусу

3.Аккредитациялоодон өтүү үчүн документтерди даярдоо жана текшерүүгө жетекчилик кылуу жоопкерчилиги ОТИ боюнча директордун орун басары Туйгунова М.Н.милдеттендирилсин.

4.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Мектеп директору: А.К.Молдокулова

Катчы: Р.К.Арымбаева